Алибек ЖЭЭНТАЕВ

# Тоо-токойлуу Кыргызстан



Жалал-Абад – 2015

Алибек ЖЭЭНТАЕВ

# Тоо-токойлуу Кыргызстан

НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1677

Жалал-Абад – 2015

*Китепке жазбайсың - деп таарынасың,*
*Кээ бириң "соога кыл" - деп жалынасың.*
*Жеп-ичип жок кылган сомдоруңа,*
*Китептен алып окушка оорунасың.*
*Албасаң да китебимди таарынбаймын,*
*Аман бол, ак калпак кыргыз туугандарым!*


***Урматтуу окурман!***

***Автордун бул китеби Кыргызстандын керемет тоолору менен токойлорунун коздугун, жашоого көрк берген сулуулугун, ден соолукка пайда алып келген улуулугун даңазалайт. Ошол эле учурда жаратылыш байлыктарын кастарлоого, аларды бапестеп кароого, камкордукка алууга, ар кандай зыян келтирүүдөн оолак болууга үгүттөгөн тарбиялык таасири бар ой-чабыттар камтылган. Ал эми табиятка таттуу мамиле жасаган, камкордук көргөн, ак эмгегин арнаган жетекчилер, инсандар жөнүндө да учкай кеп козголот.***

***Алибек Жээнтаев 80 жаштын сересине барып калса да колунан калеми түшпөй, коомдогу жакшы-жаман көрүнүштөрдөн кыя өтө албай адеп-ахлак, ыйман, таза жашоо менен бирге терс көрүнүштөрдү келтире сындап келет.***

***Бул китеп автордун үчүнчү китеби. Буга чейин "Сезим кайрыктары", "Адеп улуу илимден" деген китептери жарык көргөн. Бул китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.***

# КҮНӨСТҮҮ ЖЕРИМ КЫРГЫЗСТАН, ТООСУНА ТОКОЙ ЖАРАШКАН



Берекелүү тоолуу, токой жерлерди,
Алтын, нефти, газ, көмүр кендерди.
Ысык-Көлдөй берметти,
Нарындай дайра, сууларды,
Кыргыз эл пайдалансын деп,
Кудай берген буларды.

Пайгамбар авлия, олуяларды,
Ар тоосуна тараткан.
Жүз кыл ашык түрү бар,
Мөмөлүү калың токойду,
Белек кылып кыргызга,
Берген экен Жараткан.

Кенен – жери, жоомарт – эли,
Кудай деген Кыргызстан.
Башка өлкөдөн конок келсе,
Коюн союп, урмат кылган.
Жилик тартып, сый көрсөткөн,
Ыкластуу кыргыз калкым.
Кыргызымдын жерин жазам,
Көңүл коюп окуп чыксаң.

Кудайдын Пайгамбарлары,
Кооз тоолорду тандаган.
Жаратканды эстеген,
Жакшы элдерди жандаган.
Жаратылыш байлыкка,
Жакшылар кол салбаган.

Жаратылыш – жашыл аалам,
Ден соолуктун булагы.
Дарак кыйып, сууну булгап,
Табиятка кесир кылбайлы.
Кудай берген тоо-токойду,
Аздектейли, сыйлайлы.

Күнөстүү жерим – Кыргызстан!
Тоосуна токой жарашкан.
Жаратылыш кучагында,
Булбул сайрап таң аткан.
Табияттын коздугу,
Бүт дүйнөнү караткан.



**Кереметтүү Кара-Шоро**

## КАРА-ШОРО ЖАЙЛООСУ

Кой, малга кенен жайлоо деп,
Көркөмү Кара-Шоро деп.
Аккордеонду сайратып,
Рыспай ырчы ырдаган.
Кымыз ичип этти жеп,
Кыргыз элим жыргаган.

Дабалаган адамды,
Дары суу чыгат булактан.
Добушу кулак тундурган,
Дайрасында күпүлдөп,
Тунук, таза суу аккан.
Дары суу ичип булактан,
Дабаланып келем деп,
Көп адам барат ар жактан.

Карап Кара-Шорону,
Кароолдор турат тоосунда.
Башчылар буйрук бербесе,
Бейчеки адам киргизбейт.
Чытырман көк токойдун,
Чырпыгына тийгизбейт.
Токой таза турсун деп,
Түрдүү малды жолотпойт.

Калың токой ичине,
Кыргыз үйлөр тигилген.
Катар казан асылып,
Койлордун эти кайнаган.
Кымызын ичип жайлоонун,
Кыз-жигиттер ырдаган.
Түн киргенде токойго,
Түрдүү куштар сайраган.

Кайың, арча түбүндө,
Курулган көп дачалар.
Дем алышат ал жерде,
Депутат менен башчылар.
Курандан окуп аятты,
Көтөрүп жакшы кыраатты.
Кудайдан тилейт жакшылык,
Кары менен сопулар.

Аба таза, зоо бийик,
Асмандын учун тиреген.
Капчыгай таштын ичинде,
Коркуп качкан адамдан,
Кийик, элик, аркарлар,
Кайберендер көп экен.

Абасы таза жайлоодо,
Асмандын учу тиреген.
Ашыкча сөздү сүйлөгөн,
Адамга тынчтык бербеген.
Адал оокат жакпаган,
Алкаштар дагы бар экен.

# КӨРКТҮҮ ТОКӨЙ
# КӨК-ЖАҢГАК

Жалал-Абаддын үстүндө,
Токойлуу тоо Көк-Жаңгак.
Кудай берген байлыкты,
Кок-Жаңгакта көп жаңгак.
Алтындай көмүр кени бар,
Көк-Жаңгакка темир жол барат.
Көп түрдүү жемиш токой бар,
Көп элди багат калкалап.



Көптүгүнөн калкынын,
Көк-Жаңгак шаар болгон.
Көмүрү таза, сапаттуу,
Казып бүткүс кен болгон.
Көмүрдү ташып ар жакка,
Паровоз, вагон иштеген,
Тегиз темир жол болгон.
Таркап союз кеткенде,
Темир жол азыр кор болгон.

Ар ким иштейт өзү үчүн,
Адам жок аны оңдогон.
Алладан коркпос алдамчы,
Алып сатар, чайкоочу,
Темир жолдун үстүндө,
Товарын жайып алышкан.
Кытайдан келген товарды,
Кудайдан коркпой макташат.
Көп кызыкка батасың,
Карап турсаң алыстан.

Азыр көмүр менчикте,
Кол жеткендер казышат.
КАМАЗдарга жүктөшүп,
Каалаган жакка сатышат.
Кудай берген байлыкты,
Копчулук жеп жатышат.

Ортосунда токойдун,
Алланын мечит үйү бар.
Азан айткан беш убак,
Сообунун мукам үнү бар.
Көп экен молдо карылар,
Кудай деген пенделер,
Көк-Жаңгактан таалим ал.


Кара-Алма

# КАРА-АЛМА ТОКОЙ ЧАРБАСЫ

Жалал-Абад өрөөндө,
Кара-Алма токой бөлүмү.
Жыш толгон тоосу токойго,
Жаңгактан көп алмасы.
Көтөро албай мөмөсүн,
Шактары сынып ийилген.

Чытырман токой мөмөлүү,
Чычырканак, алчасы.
Айбан сары, алмурут,
Жаңгак менен бадам бар.
Мөмөлүү токой түрү көп,
Толуп жатат канчасы.

Кара-Алма токой чарбада,
Директор болуп иштеди,
Айылчиев Камчыбек.
Токойго кылды көп эмгек,
Туулуп-өскөн жерим деп.
Кызмат кылып токойго,
Кырк жыл ашык иштеди.
Баспаган токой, жери жок,
Адырда турат издери.

Жаңгак менен бадамдын,
Көчөттөрүн эктирип,
Жаңы сортун издеди.
Айылчиев Камчынын,
Азыр алтымыш жашта курагы.
Эки уул, төрт кызы бар,
Алла берген буларды.
Неберелер кобурап,
Чарчаса жазат кумарды.

## АЮБ ПАЙГАМБАР



Жалал-Абадда Аюб Пайгамбар,
Баданын кажып курт жеген.
Жаңылышпай сөзүнөн,
Пендеге сыноо бул деген.
Көнөмүн түрдүү азапка,
Кудайдын кулу мен деген.

Аюбка Алла боор ачып,
Айыгып кетсин жаратың,
Алып суудан жуу деген.
Ар кандай дартка жагымдуу,
Аюбдун бар булагы.
Алланын берген шыпаасы,
Адамзатка бул дагы.

Айланасы бүт токой,
Аралап кесип сындырбай,
Асырап карап туралы.
Калың токой ичинде,
Курорту бар ажайып.
Барган адам сакаят,
Даары суудан даам татып.

Кудай койгон жаратып,
Көп тоолорго таратып.
Калың токой көркөмдүү,
Кыргыздын Ала-Тоосунда.
Алма, өрүк, алмурут,
Жаңгак, мисте, бадамдар,
Айбан сары, алчалар,
Мөмөлүү дарак өтө көп.

Жүздөн ашык түрү бар.
Жараткан төккөн береке.
Калың токой бардыгы,
Жарап турат керекке.
Жашоосуна шарт түзүп,
Жардам берет адамга.
Көгөргөн жалбырактарынан,
Кычкылтегин чыгарып.
Атырдай болуп жыттанып,
Абаны турат тазартып.

Пейили кенен кыргыздын,
Береке бар жеринде.
Көп чыгат жерден жемиштер,
Кыш кетип жаз келгенде.
Кымыздык, ышкын, чүкүрү,
Козу карын пайдалуу.
Жүздөн ашык түрү бар,
Кыргыздан ашат бардыгы.
Кааласаң кагып терип ал,
Кайсы тоодо көп өсөт,
Кыргыздан сурап билип ал.



Арстанбап Жолундагы Жаңгак туннели

## ЖАҢГАКТАН ТУННЕЛЬ ЖАРАЛГАН

Эки бет жаңгак эгилген,
Арстанбап-Ата жолунда.
Жакшы өсүп шактары,
Бир-бирине ийилген.
Түн түшкөнсүп чоң жолго,
Туннелдей болуп көрүнгон.
Биринчи Май деп коёт,
Ал жерди эл жок билбеген.

Көлөкө болуп чоң жолго,
Көрүнбөйт күн асмандан.
Узун жол болуп көрүнгөн,
Уйкуң келет салкында.
Эки көзүң ушалап,
Өтөсүң кайра жарыкка.

Көк жаңгак шагы ийилип,
Туннелдей болуп көрүнөт.
Чыгарып башын айнектен,
Жолоочулар караса,
Жолдун көркүн чыгарган.
Жалпы адамды суктанткан,
Жаратылыш кооздугу.

Айтылуу Кыргызстандын,
Жалал-Абад облусунда,
Жаңгактан бар туннель деп,
Жазылып калган тарыхта.

Ала-Тоо кыргыз жеримдин,
Адыр, токой байлыгын.
Аныктап жазып китепке,
Айта берсем бир баштан.
Акындын жетпейт кубаты,
Түгөнгүс бир чоң дастан.

## ДӨӨТ ПАЙГАМБАР

Арстанбапка тушма-туш,
Дөөт пайгамбар Кабада.
Дөңсөө, жайык көгөргөн,
Токойлуу таза абада.
Кабыры жакшы жасалган,
Калың токой жылгада.

Темирдин пири болгон деп,
Трактор, машина айдаган,
Кары-жаштар бардыгы,
Зыярат кылат буга да.
Камырдай жууруп темирди,
Жаратып түрдүү буюмду,
Жаккан экен Кудайга.

Калың дарак түбүндө,
Дөөткө окуп Куранды.
Бергенин алып баргандын,
жакшылап берип батаны.
Кечир деп кылган катаны,
Аш-гөштү жеп жыргашып,
Олтурушат шайыктар.
Кыйбайбыз дейт токойду,
Кудай деген аалымдар.


Кызыл-Үңкүр аймагы

## КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР
## БЕЙИШ ЖЕР

Калың токой түн түшкөн,
Көрүп кел Кызыл-Үңкүрдү.
Жагымдуу аппак манызы,
Жаңгагы өтө түшүмдүү.
Абасы таза, суу тунук,
Адамзат ачат жүзүңдү.
Көркөмү сулуу бейиштей,
Отуз-Арт, Кең-Кол жайлоосу.

Жаңгактын кыйып картаңын,
Бешик, жабан жасашат.
Эшик, шкаф сапаттуу,
Эл-журтка деп аташат.
Көрүнөт жүзүң сыртынан,
Көргөн адам талашат.

Жаратылыш өтө кооз,
Жагымдуу таза абасы.
Ар түрдүү гүлдөн алынган,
Айрыкча даамдуу асалы.
Анардай бети кызарган,
Ай чырайлуу уул-кыздары.

Көрсөтпөстөн кароолго,
Көк жаңгакты кыйган бар.
Отун кылып базарга,
Ойлонбостон саткан бар.
Канаат кылып жүрбөгөн,
Көп элден чыгат шылуундар,
Кудайга жакпайт андайлар.

## АРСТАНБАП – КОЛ МЕНЕН ЖАСАП КОЙГОНДОЙ

Ар түрдүү токой байлыгы,
Атактуу жер Арстанбап.
Зыяратка барышат,
Кышы-жайы эл каттап.
Жүз миндеген адамдар,
Жемишин жеп токойдун,
Жыргап жашайт жан сактап.


Калың токой ичине,
Коздоп жайлар салынган.
Кыш кетип, жаз келгенде,
Кары-жаштар эс алган.
Гүлдөгөн токой ичинде,
Көңүл ачып кубанган.


Арстанбап-Ата ичинде,
Лагери бар жаштардын.
Каникулга чыкканда,
Окуучу уул-кыздарды,
Эс алып көңүл ачсын деп,
Алпарышат атайын.

Арстанбаптын казалын,
Айта берсең жомоктой.
Чоң, кичи шаркыратманы,
Кол менен жасап койгондой.
Дүм түшкөн токой ичинде,
Жөн жүрбөйсүң ойлонбой.
Булбул, кушу сайраса,
Мукамдуу муза, обондой.
Жан дүйнөң эргийт эс алып,
Жашыл килем жаап койгондой.

Жаш-кары ойноп, күлсүн деп,
Узун өмүр сүрсүн деп.
Кыргыздын адыр, тоолорун,

Агызып тунук сууларын.
Жаннаттай коoздоп көркөмдөп,
Жасаган экен Кудайым.
Алма, жаңгагын терип жеп,
Айрып шагын сындырбай,
Асыра уул-кыздарым.





# ЖАҢГАКТЫН КЕНИ ДАШМАНДА

Жараткан төккөн байлыкты,
Жаңгактын кени Дашманда.
Дашмандык келин-кыздары,
Качан жаңгак түшөт деп,
Эрикпей карап жогору,
Эки көзү асманда.

Чатышкан токой тийиишип,
Жол жок адам басканга.
Өтө кооз токою,
Ойноп, көңүл ачканга.
Тоолуу токой ичинде,
Кыргыздар жашайт чынында.

Жылкы, кой, мал багып,
Кымыз ичип, эт жешет.
Алма, жаңгак, бадамды,
Басарга жол табышпай,
Айласыздан тепсешет.
Тоолуу токой мөмө көп,
Толгон экен ырыска.

Түнөргөн токой ичинен,
Түтүнү чыгат булутка.
Кудай берген байлыктын,
Кор болушун унутпа.
Маңызы таза, түшүмү мол,
Жаңгактын жеткин баркына.
Табияты башкача,
Алмалар бышат таптаза.
Шамалы тийбейт эч жактан,
Жылуу болот кышында.

## ТОСКООЛ-АТА БАЙЛЫГЫ

Толтурган Алла байлыкка,
Тоскоол-Ата, Алашты.
Жолборс мазар, Шайдандан,
Көп токойду жаратып,
Көркүнө койгон чыгарып.
Гөлмөн, Кара-Жылгада,
Жайнап турат көгөрүп,
Жаңгак, мисте, бадамы.

Алма, алча, алмурут,
Жердин бети көрүнбөй,
Жемиш, дарак каптаган.
Жараткан төккөн байлыгын,
Жалал-Абад облус тоолорун,
Көзүм жетпейт карасам.

Көркөмдүү бийик зоолоруң,
Аралап бассаң токойду,
Ар кыл гүлдөр жайнаган.
Түнөк кылып токойду,
Түрдүү куштар сайраган.
Аңкып урат жыттары,
Адамзат муну бааласаң.

Кудай берген байлыкты,
Кыйып, кесип, тепсесең.
Кымбат баалуу токойдун,
Кадырына жетпесең.
Көз жумулуп сен өтсөң,
Кыйылган дарак көгөрсө,
Көрбөйсүң келип кайрадан.

Миң жылдап өсөт карыбай,
Мисте менен жаңгагы.
Көп жылдык мөмө дарактын,
Кени Тоскоол-Атада.
Колдойбу Тоскоол-Атабыз,

Кемибейт көп эл алса да.
Эчки, эшекке кажытпай,
Ээн баштарга кыйдырбай.
Кары, жашты бүт багат,
Коромжу кылбай сактаса.

Сулуу, жылуу көрүнөт,
Суктанамын коозуна.
Бышкан мөмө, дарактын,
Түбүндө жатсаң эс алып,
Түртүп койсоң кичине,
Дүп этип түшөт оозуңа.

Ушундай ыйык жерлердин,
Кадырына жетели.
Бир түп кыйсак дарактын,
Он түп эгип кетели.
Табият берет ырыскы,
Даамын татып өтөлү.



## Кара-Жылга токою



## ЖОРГОЛОТ,
## КАРА-ЖЫЛГАДА

Жараткан төккөн мээримин,
Жорголот, Кара-Жылгага.
Жыш толгон мисте, бадамга,
Жемиштүү калың токойлуу.
Кекилик сайрайт тынбастан,
Калың токой мөмөлүү.

Короолор жылуу кышында,
Колоттордун ичинде.
Кой, мал, жылкы оттошот,
Күңгөйлөрдүн түзүндө.
Чөп, жемин камдап алышат,
Кыш түшпөстөн күзүндө.

Багып мал, кой жылкысын,
Байлар жашап жүрүшкөн.
Токойду кыйбай асырап,
Тезек жагып өтүшкөн.
Мөмөлүү калың токойду,
Аркада калган уул-кызга,
Асырап таштап кетишкен.

Уул-кыздары барышты,
Ата-журтту ээлешип.
Багып жатат мал, коюн,
Пешенесин тердетип.
Жайы, кышы жашашат,
Кымыз ичип, эт жешип.


Жээнтай атам жашаптыр,
Жетимиш жыл Кара-Жылгада.
Беш убак окуп намазын,
Жалынчы экен Кудайга.
Жакшы эле доор сүрүптүр,
Мал, кою батпай жылгага.

Алаш-Ата токойдо,
Жээнтайдын бар жаңгагы.
Тоодон ылдый чуурулуп,
Агып турат булагы.
Ичсең моокум кандырат,
Тунук, муздак суулары.

Бабаш-Ата зоосунда,
Таштан үңкүр коосунда,
Жээнтайдын бар таш кепе.
Желе жайган күзүндө,
Бүркүт, кушту кармаган,
Бышык жибек тор менен.

Жыйырма жыл болуптур,
Жашаймын Кара-Жылгада.
Балдар менен сүйлөшүп,
Барганмын ата конушка.
Жүз га.дан ашык көчөт бар,
Жай-кышы карайм ушуга.

Кашага кылып тосконмун,
Көон, дарбыз эгем түзүнө.
Болгар калемпир, помидор,
Ташып турам күнүгө.
Кымыз ичем бээ байлап,
Кыргыз үйдүн ичинде.



## ЖОЛБОРС-АТА

Бийик зоо таштын түбүндө,
Жаңгактуу токой ичинде.
Жолдун эки четинде,
Жолборстой сүрдүү көрүнүп,
Жети, сегиз таш турат.
Жолборс жолдо жаткансыйт,
Жолоочу адам жалтанат.

Жолборстой кылып бул ташты,
Алла койгон жаратып.
Жаш-кары кылат зыярат,
Таш турган тоого барышып.
Кудайымдын жолуна,
Курмандык кылат аташып.

Кой-эчкисин союшат,
Өткөндөргө багыштап.
Куран окуп кайтышат,
Чоң жаңгактын түбүнө.
Намазкана курушкан,
Жайнамаз, төшөк, казандын,
Керектүүсү баары бар.

Камдап элдер коюшкан,
Эл жайлоого барганда,
Жазда барат шайыгы.
Ал жерге койгон дайындап,
Алла койгон дарыны.
Курандын окуп аятын,
Айыктырат ооруну.

Айрыкча көп токойдо,
Алма менен жаңгагы.
Түрдүү мөмө, токою,
Таң калтырат адамды.
Токойдун кирсем ичине,
Чак түш болот караңгы

Чытырман токой мөмөлүү,
Чыгар жерин таппайсың.
Изиңди кууп артыңа,
Адашып араң кайтасың.
Алмасы жыттуу жагымдуу,
Тамшанып даамын татасың.

Мал жесе такыр түгөнбөйт,
Майын, көкмөк чөптөрү.
Макташат кыз-келиндер,
Майлуу, коюу сүттөрү.
Гүлдөп турат буруксуп,
Тоонун күңгөй беттери.

Жандаш Жолборс-Атага,
Ничке токой сайы бар.
Союз барда казышкан,
Сурманын кени дагы бар.
Мындан көп жыл илгери,
Беш-алты жыл казышкан.
Жаш экен деп кендери.
Оозун жаап коюшкан.

Ничке-Сай тоого жанашкан,
Суук тескей деген токой бар.
Түн түшкөндой караңгы,
Жалаң жаңгак, долоно.
Күн ысыган жайында,
Июнь, июль айында.
Ичине кирсең тоңгонсуп,
Үшүп чыгат адамдар.
Суугуна чыдабай,
Оттобойт экен айбандар.
Жашабайт суук тескейде,
Чымын, курт-кумурска.
Жатайын деп эс алып,
Чыдабайсың бир саатка.

НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1677

## КОЧКОР-АТА ТАРЫХЫ

Улуулардан уккан сөз,
Акылмандан калган сөз.
Кары менен жашына,
Жалпы элдин баарына.
Жамандан алыс болгун деп,
Жакшылардан калган сөз.

Бу дүнүйө туруксуз,
Жалгыз эле Алла өлбөйт.
Улуу-кичүү туугандар,
Унутпайлы Алланы.
Кочкор-Ата баянын,
Кыскача жазып коёюн.
Улуулардан сураныл,
Ушул менин укканым.

Мындан көп жыл илгери,
Тоолуу, токой ичинде.
Суу жеген колот боюнда,
Топ камыштын үстүндө.
Тамчылап суу аккан,
Жалгыз булак бар экен.
Бул булактын жанына,
Кепе кылып камыштан.
Кышын, жазын дебестен,
Келип жашап калыптыр,
Кочкор деген бир адам.

Булактын суусун бууп алып,
Дыйканчылык кылчы экен.
Күнү-түнү уктабай,
Жүзүн кылып Каабага,
Кудайлап ыйлап чыкчы экен.

Өйдө-төмөн өткөндөр,
Кочкор менен сүйлөшүп.
Кеч калгандар кепеде,

Конок болуп кетчү экен.
Кээ бир кыргыз туугандар,
Кочүп барып ал жерге,
Кочкорго болуп кошуна,
Көбөйүшүп кетишкен.

Беш убак окуп намазды,
Жакшылап ал деп дааратты.
Алланы таанып жүргүн деп,
Көбүнө насаат айтчы экен.
Колунда жок жетим-жесирге,
Кочкор жардам берчү экен.

Жардам кылган Кочкорду,
Урмат кылып уул-кыздар.
Жакшы көрүп бардыгы,
Айтылып калган ушул кеп.
Алла берип байлыкты,
Адырда токой мөмөлүү.
Алма, алча, алмурут,
Мисте менен бадам бар.
Боз үй жана там куруп,
Көбөйүп кетти кыргыздар.

Миң тогуз жүз элүүнчү жылында,
Кескелдирик, келемиш,
Жылан, чаян, кара курт,
Мекендеп жаткан суусу жок,
Какшып жаткан талаага,
Жаңы үйлор курулду.
Алгачкы ирет бул калаа,
"Стройка" деп аталды.

Кабаттап үйлөр салынып,
Күндөн-күнгө өзгөрүп.
Көркүнө чыгып боз талаа,
Көбөйө берди жаңылык.
Күркүрөп ар кыл үн чыгат,
Айлана түрдүү жаңырып.

СССРдин маалында,
Ар тараптан эл келип.
Атайын билим алышкан,
Инженерлер жер өлчөп.
Белгини бекем тартышып,
Тоо-токойду түртүшүп.
Бурабайды тургузуп,
Күркүрөп тоонун ичинде,
Моторлорун жүргүздү.

Жарык кылып тоо ичин,
Светтерин күйгүздү.
Кочкор-Ата тоосунан,
Токойлуу кокту колоттон.
Казган жерден атылып,
Нефти менен газ чыкты.

Кыргыздын нефти байлыгын,
Бүт дүнүйө эл укту.
Жардамга келип жатпайбы,
Россия, Кытай элинен.
Көп кендер чыгып жатпайбы,
Кыргыздын куттуу жеринен.

Кээ бир казган жерлерден,
Ар колоттун ичинен,
Карайлап буусу асманга,
Кайнаган ысык суу чыкты.
Кайнак сууну аалымдар,
Анализ кылып карашты.
Дабаа болгон ооруга,
Дары суу дешти жарактуу.

Ысык суунун атагын,
Бүткүл кыргыз эл укту.
Кошуна турган элдердин,
Кары-жашы тең укту.
Камкордук кылып келгенге,

Кенен жайлар курушту.
Барган элди сыйлашып,
Барды бир топ жумушчу.

Сүйүнүп айтат рахмат,
Даба таап калгандар.
Айыгып көп оорудан,
Өз журтуна кеткен бар.
Кен байлыктын көбүнөн,
Кочкор-Ата шаар болду.
Бөлүнбөгөн улутка,
Бардыгына тең болду.

Көчөлөрү түздолүп,
Кабаттап үйлөр салынды.
Жалпы үйдүн баарына,
Жаркырап свет жагылды.
Жалпы элге кылган камкордук,
Жакшы адамдар табылды.
Отундун жок кереги,
Жалпы үйдүн ичине,
Жалындап күйгөн газ болду.

Эмгек кылып жан баккан,
Адал оокат жеп-ичкен.
Беш убак окуп намазын,
Алла деп жүргөн күнү-түн.
Кочкордун аты коюлуп,
Кочкор-Ата шаар болду.

Намыстанып кыргыздар,
“Новостройка” жоюлду.
Жүз миңден ашык эл жашайт,
Бардыгы байып тоюнду.
Жаркыраган көчөдө,
Жаштар жүрөт жанаша.

Кыз алышып, кыз берип,
Күнүгө той тамаша.

Жок нерсенин баары бар,
Өтө чоң, бай базары.
Ар түрдүү тамак-аштарга,
Толуп турат казаны.

Алаш-Ата, Бабаш-Ата зоолору
Алаш-Ата, Бабаш-Ата зоолору,
Экөө турат жанаша.
Козүң жетпейт учуна,
Кышын, жазы карасаң.
Боорунда турат арчалар,
Өзүнчө көркөм тамаша.

Кулап турат таштары,
Кайберендер чуркаса.
Уккуң келет тамшанып,
Улар, куштар сайраса.
Арманда өтөт дүйнөдөн,
Ал тоого адам барбаса.

Мына ушул зоонун койнунда,
Олжобай менен Кишимдин,
Тереги турат жанаша.
Эки жаш сүйсө бир-бирин,
Ортого түшүп бузуку,
Болгон дейт кокус каргаша.

Тарыхтын болбойт кызыгы,
Өткөндөрдү жазбаса.
Ааламда түрдүү иштер бар,
Табият жолу таптаза.
Унутулуп кетпейби,
Акындар аны жазбаса.



**Сере жайлоосунда өткөн слёттон бир көрүнүш**



## СЕРЕГЕ БАРАТ МАЛ, КОЙЛОР

Көлкупан-Ата тушунда,
Карагай, арча каптаган.
Кирип кетсе адамдар,
Бирин-бири таппаган.
Салкын жана өтө кооз,
Сере деген жайлоо бар.

Жүз миңден ашык мал, койлор,
Терип жеп түрдүү чөптөрүн.
Терине батпай семирген,
Туш тарапка чуркашып,
Тебишип ойноп элирген.
Ортосунда токойдун,
Тегиздик бар көк жашыл.

Койчу, малчы чабандар,
Кыргыз үйүн тигишкен.
Желе тартып бээ байлап,
Кымыз ичип куйрук жеп,
Кыйкырык кошуп ырдашып.
Кыз-жигиттер сырдашып,
Көк бөрү тартып ойношуп,
Кыргыздар жүрөт жыргашып.

Тээ союздун маалында,
Жыл сайын слёт өткөрүп ,
Жетекчилер барышкан.
Учурашып баарына,
Чабандар менен баарлашып,
Алкыш айтып көбүнө,
Алдыңкысын сыйлашкан.
Көтөрүп элдин маанайын,
Көңүл ачып кайтышкан.

Ноокен районунун акими:
Абдырахман Осмонов,
Ташты басып, зоо ашып,

Дабан менен бел ашып.
Тоо-токойду аралап,
Кыз-Коргон, Сере жайлоого,
Көпчүлүк барып келишти.
Мурдагы салтты улантып,
Малчыга кубат беришти.

Зоотехник, мал доктурлар,
Мал, жанга көз чаптырды.
Дабалаган адамды,
Дарыгер, мээрбан эжелер,
Кабар алып малчы, койчудан,
Ден соолугун карашты.
Кары-жаш, тыкыр көрүнүп,
Дары, дармек алышты.


Кыз-Коргон, Сере жайлоодо,
Малчы менен койчулар,
Кыйналбай кантип жатканын.
Ит, кушка малын алдырбай,
Мал койду кантип бакканын,
Көздөрү менен көрүштү.
Гезитке жазып чыгарып,
Элге кабар беришти.

Таза аба жутуп жайлоодон,
Эки-үч күн турду булар да.
Тамаша көрүп жайлоодон,
Таркашып келди кумардан.
Таза аба, суусу көк кашка,
Ар бир жанга дабаа да.
Көрбөсөң эгер жайлоону,
Жашайсың анда арманда.

Көз жетпес зоонун башынан,
Кайберен менен уларды,
Аткан экен кыргызым.
Кымыз ичип этти жеп,
Жаткан экен кыргызым.

Байге чабыш, кыз куумай,
Улак чабып, эңишип.
Комуз чертип ырдашып,
Калың токой аралап,
Кыз-жигиттер сырдашып.
Жыргап доор сүрүшүп,
Жүргөн экен кыргызым.

Кой жылы болуп токчулук,
Кудай колдоп кыргызды.
Оомат келип кыргызга,
Оомиин: Оңолуп кетсин турмушуң,
Окуп билим алышып,
Өсо берсин уул-кызым.




Кыз-Коргон үңкүрүнүн жанында
21/07/2016 08:37



# КЫЗ-КОРГОНДУН МААНИСИ

Көркөмдүү жайлоо Середе,
Кенен жайыт Кыз-Коргон.
Кыргыздын жерин коргогон,
Кайраттуу кырк кыз болгон.
Аттарын багып тапташып,
Коркпойбуз деп душмандан,
Кыздар жүргөн антташып.

Кашык каны калгыча,
Кас душман менен кармашып.
Кымыз ичип жайлоодо,
Кырк кыз жүрдү машыгып.
Күчкө кыздар толгуча,
Душмандан жүрдү жашынып.
Жок кылышка кыздарды,
Жоолор барды ашыгып.

Кууп түштү Середен,
Душманды кыздар качырып.
Мал багып тоодо жашаган,
Көчмөндүү кыргыз эл болгон.
Душмандан элин коргогон,
Намыстуу кырк кыз болгон.
Атагы чыгып кыздардын,
Айтылып калган Кыз-Коргон.

Илгери болгон көп иштер,
Унутпай элдер жүрүшкөн.
Улуулардан суранып,
Ушулар менин укканым.
Кыз-Коргонду көрөм деп,
Сереге мен да чыкканмын.

# КӨРКТҮҮ ЖАЙЛОО
# КАРА-КӨЛ

Көп өскөн арча, карагай,
Көрктүү жайлоо Кара-Көл.
Көлдөрү жайнап өтө көп,
Көңүлүң ачып көрүп кел.
Күн күркүрөп жаан жааса,
Капчыгай ичи катуу сел.
Кара мал, жылкы, кой багып,
Кыргыз элим жашай бер.

Улары сайрап үн салып,
Кайберен зоодо бышкырат.
Токойдо сайрайт түрдүү куш,
Ар кандай сонун үн чыгат.
Жайыты жакшы бетеге,
Жүз миңден ашык мал чыгат.

Капчыгайдын ичинде,
Кара-Көл ата шаары бар.
Асманга тийип тургансыйт,
Алланын бийик таштары.
Бир жерде турат көгөрүп,
Билинбейт Нарын акканы.

Капчыгайдын ичине,
Курулуп катар ГЭСтери.
Жарыгы тийип жаркырап,
Жер жүзүн бүтүн каптады.
Кудай берген көп байлык,
Кыргыздын барбы арманы.

Нарынды бууп ар жерден,
ГЭСтерди куруп жатпайбы.
Аныктап жазып китепке,
Аттарын да атайлы.
Кыргызда канча ГЭС бар деп,
билбегендер айтпайбы.


Кыргызстандын жарыгы,
Жер жүзүн каптап жатпайбы.

Кулатып атып таштарды,
Курулган жол асфальтты.
Капчыгай зоонун түбүндө,
Куласа кокус машина,
Нарынга түшүп кетесиң.
Көрбөйсүң бала-чаканы,
Кетесиң наркы дүйнөгө.
Кокустук деген ушундай,
Карабайт кары-жашыңа.

1960-жылдарда,
Таркабай союз турганда.
Биринчи болуп кыргыздар,
Токтогул ГЭСин тургузган.
Капчыгай жөнөй ичинен,
Нарынды бууп ар жерден,
Таш-Көмүр, Күрп-Сай,
Үч-Коргон сындуу ГЭСтерди,
Катар-катар тургузуп,
Ильич шамын беришкен..

Бууп жүрүп ар жерден,
Барышты Камбар-Атага.
Чоң ГЭС болот дегендер,
Түбүнө анын жетишпейт.
Улуулашат адамдар,
Урматтап Камбар-Атаны.
Жалпы элдер айтышат,
Жылкынын пири экен деп.
Жараткан койгон жаратып,
Жалпы айбанды түрдүү көп,
Алла койгон дайындап,
Ар айбандын пири бар.
Кыйыны жок бул сөздүн,
Китептен окуп билип ал.

## Кулпун-Ата керемети



# КӨЛКУПАН-АТА
# ЫЙЫК ЖЕР

Көңүл ачып жайлоолоп,
Корүп кел Көлкупан-Атаны.
Зыярат кылып көлүнө,
Көргөнү бардым атайы.
Көз жетпес зоонун үстүнө,
Конгонсуп турат ай дагы.

Көлкупан-Ата ыйык жер,
Көлүнүн чыкпайт пайнабы.
Жети көл кылып жараткан,
Кутман-Көл, Сут-Көл ар жагы.
Сыйынып, тилек кылышат,
Перзентке жетпей калганы.
Жаратканым берет дейт,
Чын дилден тилек кылганды.

Ыйык жерди эңсешип,
Ар кыл адам барышат.
Жетип алып ал жерге,
Таштанды кылып салышат.
Зыярат арты кыянат,
Аллага жакпайт бул адат.
Кудайдан тилеп барган соң,
Пакиза болсо адамзат!

# КАРА-КӨЛДҮН
## ГЭСтери


Капчыгайдын ичинде,
Кара-Көл шаары суналат.
Асманга тийип тургансып,
Аска-зоосу буралат.
Бир жерде турат көгөрүп,
Билинбейт Нарын акканы.
ГЭСтерден чыккан жарыгы,
Өлкөмдү бүтүн каптады.

Кудай берген көп байлык,
Кыргыздын барбы арманы.
Ысырап кылбай байлыкты,
Ынтымак болуп жашай бер.
Бардык кыргыз туугандар,
Баарына жетет байлыгы.

Толкуп турат көгөрүп,
Токтогул суу сактагыч.
Эңсеп түрдүү нерсени,
Эсине түшөт жаш курак.
Ээрчитип уул-кызыңды,
Эс алганы барсаңыз.
Көз уялтат сулуулук,
Көркөмдүгүн айтпаңыз.
Карайсың улам артыңа,
Коштошуп үйгө кайтсаңыз.
Айта берсе түгөнбөйт,
Кара-Көлдүн дастаны.

Байлыкты эпсиз талашып,
Басылбайт Кумтөр жаңжалы.
Артында калат бир күнү,
Арылбай ичте арманы.
Алтын кирбейт байлыкка,
Ач көздүн жаман ары жагы.

Акылы жок наадандар,
Аша берет жоругу.
Канаат кылып жүрбөсөң,
Кайнатат Кудай шоруңду.



# АЙТАЙЫН САРЫ-ЧЕЛЕКТИ

Көп акындар ырдашат,
Кооз жайлоо, Сары-Челек деп.
Кудайым коздоп жасаган,
Кыргыз элге керек деп.
Жаз мезгили келгенде,
Жамгыр төгөт челектеп.

Дүйнөнүн бардык бурчунан,
Көргөнү элдер келишет.
Тегерегин тоо тосуп,
Ортосу жатат көл болуп.
Көлдүн тиреп толкунун,
Кайыкты жүрөт айдашып.
Кезекти күтөт кары-жаш,
Бир-биринен талашып.

Кайыкта сүзүп баратып,
Карайсың бийик зоолорду.
Капчыгай толгон токойду,
Алла берген байлыкты.
Айлана турат жарашып,
Ала-Тоо ичи ажайып.
Айтып бүткүс керемет,
Келип кет сен да дем алып.

Саякат кылып кары-жаш,
Сары-Челекке келбесең,
Көңүлүң жакшы ачылбайт.
Көлүнө түшүп кетпесең,
Өмүрдө кумар жазылбайт.
Ушундай жерди көрбөсөң,
Сагынып кооз жайлоону,
Сарсанаа болуп жүрбөгүн.

Жагымдуу таза токойдун,
Жыттарынан искесең.




***Ойноп көнүл ачканы,***
***Уул-кызым барды Сары-Челеке.***

***Эстелик болуп калсын деп,***
***Эрикпей түштү сүрөткө.***

Көрбөйсүң мындай токойду,
Кай тараптан издесең.
Алла дайым колдогон,
Ак калпак кыргыз эл десең.

Кооз токой, тоолорго,
Көлү турат жарашып.
Кирсең калың токойго,
Кетесиң чыкпай адашып.
Токойду жүрөт айланып,
Токойчулар карашып.

Калың токой ичинде,
Кайберендер көп экен.
Кармап жеген аларды,
Жырткычтар да бар экен.
Кудай деген адам көп,
Беш убак намаз окуган.
Аска зоону жаңыртып,
Азан айтат сопулар.
Ысырапка жол бербейт,
Ыймандуу жаш-карылар.

Айтылуу Сары-Челекте,
Аба таза, суу тунук.
Бети аппак кара көз,
Жылуу жүздүү, ширин сөз,
Ай чырайлуу көрүнөт.
Сары-Челектин келин, кыздары,
Аттиң ай мурун барбапмын,
Ал-күчүм бар жылдары.

Азил кылып сөз айтсам,
Аба деп шылдың кылабы.
Жараткан берип өмүрдү,
Жакшы эле сексен жашадым.
Алдыда канча өмүр бар,
Алла берет калганын.

Каалабайт окшойт эч кимдер,
Карыдым кандай кылайын.
Кадырга жетээр табылар,
Кудай кылса жардамын.

Сары-Челек баяны,
Айта бөрсең түгөнбөйт.
Жашоо бирдей баарына,
Бирок, баарына эле гүл өнбөйт.
Ажайып мындай жерлерди,
Ал жеткенче коргойлу.
Кадырына жетпестен,
Табиятка кор болбойлу!



## АНГИРЕК-АТА

Майлуу-Суу шаардын башында,
Асманга учу тийгенсийт,
Ангирек-Ата зоосу бар.
Ак кар жаткан муз болуп,
Колот-колот коосу бар.
Казып жатат эл алып,
Түгөнбөс көмүр кени бар.
Тик зоонун башында,
Теле станциясы дагы бар.

Салкын жайлоо токойлуу,
Сары бээ деген тоосу бар.
Тескейи толгон мөмөлүү,
Жаңгак, алма, алмурут,
Алча, бадам, айбан сарыдай,
Жүздөн ашык түрү бар.
Учу асманга тийгенсийт,
Узун бака тереги.
Асырап жакшы карашат,
Адамга тиет кереги.

Адам басып жүрө албайт,
Алмурут, алма төгүлүп.
Күнү-түнү мал кой жеп,
Күшүлдөп жатат семирип.
Жакындатпай адамды,
Жапайы болгон элирип.
Түшөт адам кыйналып,
Дабандары эң бийик.

# ПАДЫША-АТА ТООЛОРУ


Кербенден ары жол тартсаң,
Падыша-Ата тоосу бар.
Асманга учу тиреген,
Ак кар баскан зоосу бар.
Аралап өткөн Падыша-Атаны,
Асфальттан чоң жолу бар.

Алыстан турат көрүнүп,
Падыша-Ата күмбөзү.
Бардык жагы тосулган,
Бей таарат адам кире албайт.
Баргандар Куран окушуп,
Бейитке кылат зыярат.

Намазкана жайы бар,
Туш тарабы тосулган.
Намаз убак болгондо,
Азан айтат сопулар.
Курбандык, эксан кылганга,
Казандар турат асылуу.
Зыяратка баргандар,
Кудайымдын жолуна,
Кой-эчки соёт ар күнү.

Падыша-Ата тоолорун,
Калың токой каптаган.
Кыш-жайы турат көгөрүп,
Арча менен карагай.
Жалбырак көк салаңдап,
Чачы өскөн кыз баладай.

Калың токой арча, карагай,
Капчыгай узун кең колот.
Жайдын күнү суук болот,
Кымызы даары, эм болот.



Карасаң асман көрүнбөйт,
Караңгыдай түн болот.

Арасында түрдүү куш,
Ар кыл сонун үн чыгат.
Катуу соксо шамалы,
Капчыгайдан күү чыгат.
Капчыгайдын баш жагы,

Зоого барып такалат.
Жашыл шибер, көк жайлоо,
Падыша-Ата деп аталат.
Бетеге болот тоолору,
Белдери түрдүү гүл болот.
Түштө бир аз ысыса,
Түштөн кийин суук болот.

Капчыгайдын ичинде,
Падыша-Ата сайы бар.
Ак көбүк чачып жээктерге,
Өркочтөп агат жаныбар.
Таштан-ташка урунуп,
Ылдый карай жулунуп.
Аккан суунун шарынан,
Адамдын тунуйт кулагы.

Мөндүр жаап, суу киргенде,
Мал, койлорду агызат.
Койчу, малчы топтолуп,
Атчан тосуп алышат.
Катуу жаандан сактанып,
Жылкы, мал, кой, жаныбар,
Токойго кирип жашынат.

Падыша-Ата тоосунда,
Калың токой ичинде,
“Нур” эс алуу жайы бар.
Кыргыз элге таанымал,
Бээ саап, кулун байлашат,
Бал кымыз, саамал баары бар.

Аккан суунун боюнда,
Ак кайың баскан жээктерин.
Жай кетип, күз башталса,
Төгөт сары гүлдөрүн.
Кара ала болуп ак кайың,
Көркүн ачат токойдун.

Падыша-Ата токой, тоосунда,
Боз үйлөр катар тигилген.
Чуркашып уул-кыздары,
Топ ойношуп жүгүргөн.
Көгөргөн токой, тоолорун,
Көрсөң көзүң сүйүнгөн.

Жайлоолоп барат кыргыздар,
Жай мезгили мал багып.
Желелеп кулун байлашып,
Кымыз ичип куйрук жеп,
Аба таза, суу тунук,
Ат чабышат кыз-жигит,
Анардай бетин кызартып.

Падыша-Ата тоосуна,
Электр зымы тартылган.
Калың токой ичине,
Светтери жагылган.
Боз үй, вагон аралаш,
Катар-катар айыл бар.

Кымыз ичип, эт жеген,
Коноктор барса жайлоого.
Топтолуп малчы койчулар,
Тосуп чыгат алдынан.
Кучакташып көрүшүп,
Ал сурашат баарынан.
Кыйналып чаңкап келди деп,
Кымыз сунат аяктап.

Жайылган мал, кой, жылкылар,
Жайлоого турат жарашып.
Боз үйлөр бирдей тигилген,
Бир үйдөн чыккан меймандар,
Башка үйгө кирет адашып.
Булар биздин конок деп,
Барганды турат талашып.
Ырыскы көп токой, талаада,
Ынтымак бар элинде.



Жер соорусу Чаткалдын түгөнгүс байлык, кени бар

# КӨРҮП КЕЛГИН ЧАТКАЛДЫ

Тоолору бийик токой кооз,
Чаткал токой чарбасы.
Чытырман токой мөмөлүү,
Жайнап жатат төгүлүп,
Жаңгак, бадам, алмурут,
Айбан сары, алча, алмасы.
Токойдо түрдүү мөмө бар,
Толуп жатат канчасы.

Тоонун турат башында,
Калың токой ичинде.
Илгери калган курулуп,
Идирис Пайгамбар күмбөзү.
Тоонун бийик башына,
Тепкич кылып цементтен.
Пайгамбардын күмбөзүн,
Ташиев курду жаңылап.

Мечиттин бар сопусу,
Айтылат беш маал азаны.
Аска-тоону жаңыртып,
Айтылат Алла газалы.
Курмандык чалып баргандар,
Кой, эчкилер союшуп,
Кайнап турат казаны.

Тоо-токойдо жашаган,
Кыргызстан эли бар.
Алтын-күмүш тоолору,
Түгөнгүс бир кени бар.
Баалуу тоо-токойго,
Пайгамбар билип барган ал.

Жаратылыш өтө кооз,
Жагымдуу келет абасы.

Тоо түбүндө булактан,
Тунук агат суулары.
Гүлдөгөн токой ичинде,
Көп кыргыз жашап жыргады.

Кыргыз элге тартуулап,
Кооз тоо-токойду,
Кудайым берген турбайбы.
Кыдырып чык дүйнөнү,
Көрбөйсүңөр мындайды.
Тыштан адам киргизбей,
Алтын-күмүш кендерин,
Казып алып күнү-түн,
Кыргыз эл жашап жыргайлы.

Ок жетпес зоонун башында,
Саар менен кечинде,
Сайрап турат чурулдап,
Кекилик менен улары.
Бүркүт, булбул, жорулар,
Азык кылып жесем деп,
Аңдып турат буларды.

Түрдүү куш сайрайт үн салып,
Жашыл токой ичинде.
Тыңшап жатып чалкалап,
Жазасың адам кумарды.
Ак көбүк чачып гүрүлдөп,
Сайларда агат суулары.
Жайдары кыргыз элине,
Жараткан берди буларды.

Кар баскан тоонун башында,
Каптап турат туманы.
Жайында Чаткал тоосунда,
Жамгыры карлап басылат.
Күн бүркөлүп тумандап,
Күн чыгып кайра ачылат.
Түрдүү айбан, куштар да,

Токойго кирип жашынат.
Таңыркап карап токойду,
Ташта жатат кийиги.
Калың токой ичинде,
Бетеге менен ышкын жеп,
Жылкы, кой, кара мал,
Жылбай оттоп семирет.

Токойчу карайт тоолорду,
Уруксатсыз киргизбейт.
Жашыл токой шактарын,
Жат адамга тийгизбейт.
Жашынып кирсе кокустан,
Изинен кууп изилдейт.

Калың токой ичинде,
Карышкыр, түлкү айбандар,
Илбирс, жана чөөсү бар.
Арка, кулжа, сүлөөсүн,
Алла койгон жаратып.
Асылдуу токой ичинде,
Айбанаттын баары бар.

# ЧЫЧКАН МЕНЕН АЛА-БЕЛ

Токтогулдан өткөндө,
Ош-Бишкек жолунда.
Зоолорго токой жарашкан,
Чычкан деген жылга бар.
Оргуштап аккан күрүлдөп,
Чычкандын чоң суусу бар.
Агыны катуу ылдыйыш,
Адам коркор сүрү бар.

Караса көз жетпеген,
Эки жагы зоо болот.
Ортосунда токойдун,
Бишкекке барчу жол болот.
Асманга учу тиреген,
Капчыгай көркүн чыгарган.
Арча менен карагай,
Ар түрдүү мөмө, гүлү бар.
Капчыгай ичи карагат,
Дарылыгын билип ал.

Баш жагында чычкандын,
Азаптуу тоо Ала-Бел.
Жараткандын амири,
Жай, кышы кары кетпеген.
Жайында деле үшүйсүң,
Ашуусу бийик бел экен.

Чычкандын токой, тоосунан,
Жалама бийик зоосунан.
Тар капчыгай жеринде,
Кар, көчкү басат жолдорун.
Жолоочу күтот үч, төрт күн,
Жылуулап кийип тондорун.
Үшүп, суукка чыдабай,
Укалап сүйлөйт колдорун.

Катуу келип бийиктен,
Көчкү катат таштардай.
Бузуп калың карларды,
Жардыргыч менен аттырып,
Колотко түртүп жаткырат.
Күн-түнү иштеп жолчулар,
Кар баскан жол ачылат.

Айрыкча кыш мезгилде,
Азап бар Чычкан ичинде.
Кар, муз жолду тоготпой,
Кыргыздар каттайт ушунда.
Ак кар баскан токой, тоолордо,
Атышып кээде кар менен,
Алланы эстен чыгарбай,
Алыс жол жүрсөң сонун да.



# АРКЫТ, АФЛАТУН

Аксы районуна караштуу,
Афлатун, Аркыт, Кош-Дөбө.
Кара-Жыгач, Жерге-Тал,
Калың токой тоосу бар.
Арасында жашаган,
Ак калпак кыргыз эли бар.

Бай карагай, арчага,
Алмурут, алча, алмага.
Башына көз жетпеген,
Бабаш-Ата токой, тоолору,
Карагай, кайың жыш толгон,
Калың токой капчыгай.

Түздөрүнө тоолордун,
Жүгөрү, таруу себишет.
Кара болот топурак.
Картошка, сабиз эгишет.
Күз болуп түшүм маалында,
Жаңгак, алма теришет.
Базарларга сатышып,
Байжырап, жайнап келишет.

Короолоп токой колотто,
Кой, малдарын багышат.
Кыйышпайт көк токойду,
Куураганын жагышат.
Башчысы бар токойдун,
Бейтааныш адам киргизбейт.
Жашыл токой шагына,
Жаш адамды тийгизбейт.


Тоодон соккон шамалга,
Токойдун шагы желпилдейт.
Тоодон ылдый шырылдап,
Булактан агат суулары.

Таштан-ташка урунуп,
Асманга чыгат буулары.
Аккан суунун шарына,
Адамдын тунуйт кулагы.

Тоолорго чыгып кыргыздар,
Кой, малдарын багышат.
Малдарын саап эки маал,
Курут, майын кылышат.
Күн күркүрөп жаан жааса,
Кыргыз үйдүн ичине,
От жагып, тамак кылышат.

Үшүгөнүн билбестен,
Ойношот уул-кыздары.
Тоңго оронуп жөтөлүп,
Төрдө жатат чалдары.
Тоодо жашайт кыргыздар,
Өстүрүп мал чарбаны.
Эрикпей багып жайлоодо,
Мал, коюу эттүү семирсе,
Арзан сатса базарда,
Эл-журтка тиет жардамы.






## ОШТУ АЙТЫП МАКТАЙЫН

Экинчи кыргыз борбору,
Оштон жазып баштайын.
Кооз, таза жагынан,
Ош калышпайт баарынан.
Акын, обончу көп Ошто,
Ырдаса тоону жаңырткан.

Ош ушул деп көрсөтүп,
Алла жөнөткөн Пайгамбар.
Так Сулайман тоо турат.
Колун тутуп бетине,
Көп адам кылат зыярат.
Жалама тоонун башына,
Жаштар гана чыга алат.

О-ош деп, малды кайтарган,
Уйдун пири аталган.
Заңги бубам Ошто экен.
Бир Алла билет бардыгын,
Бул пир азыр кайда экен?
Кудай койгон пир кылып,
Хадистерде бар экен.

Ош шаарын курчаган,
Туш тарабы тоо, дарак.
Сулайман тоо заңкайып,
Көрк берет ага чар тарап.
Ага чыккан адамдын,
Жан дүйнөсү тазарат.
Оргуштап аккан чоң дайра,
Ортосунда Ак Буура.
Күрпүлдөп агып оргуштап,
Көбүгүн бүркөт жээк жакка.

Рыспайды эскерген,
Эстелиги Ошто экен.
Аккордеонун кучактап,
Кайдан келип калды деп,
Карап өттүм ыраактан.
Кулак салып ырына,
Олтурасың сыр сактап.
Көзүнөн жашын агызып,
Кыз-келин карайт кылчактап.

# ДААМДУУ ӨРҮК БАТКЕНДЕ

Баткендин өрүк зарында,
Аккордеөн тартышып.
Кыз-келин менен сырдашып,
Акындар жүрөт ырдашып.
Өксүп ырдайт созултуп,
Өрүк зарды аралап.
Жандашып басса кошулуп,
Жүрөктү турат дабалап.

Адамдай болуп жүрбөсө,
Ашыктык сырын билбесе.
Арак ичип бейбаштар,
Өрүк зарга кире албай.
Арман кылып байкуштар,
Алыстан карайт сагалап.


Кажытпай эчки, эшекке,
Карашат жакшы бактарын.
Баркына жеткен дарактын,
Баткендикти мактагын.
Беш убак окуп намазды,
Кудай дейт кары-жаштары.

Көчөдө аял аз жүрөт,
Көрбөйсүң ичкен мастарын.
Молдо, кары, сопулар,
Баары эле Баткенден.
Ыкластуу элдери,
Ырыскыны алып келген.

Өрүк зарды тазалап,
Арыктарын чабышат.
Өлтүрүп зыянкечтерди,
Өрүктү турат дарылап.
Сорттору жакшы болсун деп,
Шактарын кесет жаңылап.

Өткөрбөй бекер өмүрдү,
Өрүк зарга барсамбы.
Калың өрүк зарынан,
Кадырга жетээр табылар.

Кара көз сулуу келиндер,
Картаң деп эле чанбаса.
Койду жыга аңтарып,
Карышкырдай алым бар.
Ыр жазып элди мактаган,
Ичимде күйгөн жалын бар.



# ТОКОЙДУ БИРГЕ САКТАЙЛЫ



## ТОКОЙ КЫЙГАНДАР ТОЗОК ОТУНА КҮЙОТ

Көңүл бургун туугандар,
Коркпой токой кыйгандар.
Кааласаң токой сеники,
Кайгырсам токой меники.
Жараткан берген белекке,
Жалпы кыргыз элдики.

“Кап” деп жаңгак дөңгөгүн,
Уурдап казып саттыңар.
Кудайдан коркпос бейбаштар,
Канча пайда таптыңар.
Көргөн кары-жаштардын,
Каргышына калдыңар.
Талкалап кымбат токойду,
Дагы эле тойбойт кардыңар.

Калың токой каптаган,
Кыргызстандай кооз жер барбы?
Колунда барын аябай,
Конокту жакшы сыйлаган,
Кыргыздай жоомарт эл барбы?
Кыргыздын карап пейилине,
Кудай берген буларды.

Ач көздүк кылып ар жактан,
Ашыкча байлык издебей,
Азына канаат кылалы.
Намыс керек адамга,
Напистин толбойт планы.
Убалы бар токойдун,
Уруксатсыз кыйбагын.
Токой кыйган адамдар,
Тозок отунда күйөөрүн,
Эсиңерге салайын.

Эч ким көрбөйт дебегин,
Үстүңдө турат Кудайым.
Ал токойду балталап,
Өзүңө залал кылбагын.
Өсө турган даректын,
Убалы сени урбасын.

Кыйып, сатып токөйду,
Көп бейбаштар киришти.
Кудайга кара мусулман,
Каапыр кылбайт бул иштн.
Акчасына дүкөндөн,
Арак менен пиво алып,
Арам тамак жеп, ичти.
Өрттөп кыйып токойду,
Өтөсүң жалган дүйнөдөн,
Ойлогун жөөп беришти.

Оңой олжо таптым деп,
Токойду кыйып талкалап,
Акмактар жүрөт базарда.
Арак ичип чалкалап,
Чаң болуп жатат көчөдө,
Чоң даракты кучактап.
Адыр, тоодо токойду,
Асмандан жамгыр түшүрүп.
Айланасын жумшартып,
Алла багат асырап.

Жалбырактан чыгып кислород,
Абаны турат тазалап.
Карап кой кыйган мусулман,
Көзүнөн жашы тамгансып,
Кыйган жерден суу чыгат.
Ал дарак соолуп жан берсе,
Өзөгүнөн буу чыгат.

Пайгамбарым Мухаммет,
Бир түп дарак сындырсаң,



Ордун кайра толуктап,
Он түп дарак эк деген.
Алкыш айтсын жегендер,
Аркаңа таштап кет деген.
Көгөрүп турсун жер бети,
Көлөкө кылып өзүңө,
Кетесиң жалган дүйнөдөн.

Баткендин көр өрүгүн,
Бүт дүйнөгө таанымал.
Кагын жесең тамшанып,
Көңүл ачат жаныбар.
Дабаалаган жүрөктү,
Дарылык жагы дагы бар.



Көп эле пайда келтирет,
Кочөтүнөн барып ал.
Ээн баштарга кестирбей.
Эптеп жакшы багып ал.

Кыйып жаткан токойду,
Корүп турган адамдар.
Кайтарып заалымдыгынан,
Кой деп койсок болбойбу?
Жаратылыш байлыгын,
Жалпыбыз бирге коргойлу.
Берилбей наадандыктарга,
Пейлибизди оңдойлу.

Тирүү турган адамзат,
Токойдун сен да ээсисиң.
Акмакты кой деп койгонуң,
Адамдык сенин кесибиң.
Арамдык иштен тыйганың,
Ага жардам кылганың.

Кыйып жаткан токойду,
Көргондөр кой дебесек.
Аркада жаштар өсүүдө,
Аларга кам жебесек.
Кайдыгер болсок баарыбыз,
Кандай болот келечек?

Бозоруп жаткан адырга,
Бир түп көчөт экпесек.
Балталап кесип токойду,
Бутактарын тепсесек.
Бир күнү келип шум ажал,
Бул дүйнөдөн биз өтсөк.
Аркада уул-кыз калат,
Тозокто күйүп жүрбөйлү,
Токойду таштап кетпесек.

Кыш кетип жаз келгенде,
Жалбырагын чыгарып,
Гүл ачылып түйүлүп,
Мөмөлөр шакта ийилет.
Жакшы болду быйыл деп,
Жаш-кары көрүп сүйүнөт.

Жаңгак, мисте, бадамды,
Жалпы эл терип алышат.
Тонналап жүктөшүп,
Дүйнөнүн бардык жагына,
Дүңү менен сатышат.
Тоодо жашаган кыргыздар,
Топ болуп байып жатышат.

Жайлоого жөнөйт чабандар,
Куржунга жүктөп аракты.
Кыйналса жолдо эс алат,
Көлөкөлөп даракты.
Жүз грамм ичип арактан,
Жумшатат кургак тамакты.

Шимирип тартып ичине,
Сигаретин чегишет.
Түкүрүп коюп кичине,
Түбүн таштап кетишет.
Тутанып күйүп калдыгы,
Токойдун күйөт бардыгы.

Көргөнүн айтса бирөөлөр,
Карганып жаман танасың.
Кудай көрүп турбайбы,
Кантип өзүң чыдайсың?
Акмактык менден кетти деп,
Айтсаңчы сөздүн ырасын.

Калың токой ичинде,
Күнүмдүк таап оокатын,
Курт-кумурска жүрүшөт.
Калың токой өрттөнсө,
Ар кыл түрдүү жаныбар,
Алар да кошо күйүшөт.
Убалы урар булардын,
Ушубу адам кыларың.
Көп эле өмүр сүрбөйсүң,
Каарына калып Кудайдын.
Өрттөп токой, чөптөрдү,
Өтөсүң жалган дүйнөдөн.
Эч кимге тийбей жардамың,
Артында калган балдарың.

Сатылат отун базарда,
Самса бышты тандырда.
Шашлык, кебап бышырды,
Сандыктай узун темирде.
Ысырап кылып токойду,
Ыймансыздар жеп-ичти.



# АҢЧЫЛАР ТАКЫР ТОЙБОДУҢ

Капкан коюп атышты,
Кашкулак, кийик, эликти.
Калың токой ичинде,
Кайберенди койбодуң.
Аңдып жатып атышып,
Аңчылар такыр тойбодуң.

Убалы бар айбандын,
Үйүңдө болбойт береке.
Кудай сени жазалайт,
Кызыкпа кийик, эликке.
Жаңылыш басып кокустан,
Жалама зоодон бут тайып,
Жоору айланып калбасын,
Каргап койсо кайберен.

Коктуда калып мергенчим,
Кожожаштай болбогун.
Удан атам келет деп,
Үйүңдө күтөт балдарың.
Калың токой ичинен,
Кайберен атып келген деп.
Эт менен бизди бакчы эле,
Кайран гана мерген деп.
Кошок айтып зыңкылдап,
Көк кийбесин алганың.

Жапайы түрдүү айбандар,
Жараткандын байлыгы.
Жашайт токой, таштарда,
Дары чөп анын азыгы.
Адамга залал кылбаса,
Анын бар кандай айыбы.

Кыбыраган жандар көп,
Кудайдыкы бардыгы.
Оңой олжо табам деп,
Артынан анын куубагын.
Көзөмөлдөп асмандан,
Карап турат Кудайым.

Ниет кылып жакшы иштеп,
Беш убак оку намазды,
Мергенчим тынч жашагын.
Томуктай баштан айрылып,
Тозокто күйүп жанбагын.
Оңой оокат таптым деп,
Түнү-күнү уктабай.
Өл, куругун ылгабай,
Токойду кыйба тил албай.

Убалы уруп токойдун,
Үйүндө жатат көп адам.
Эки-жакка чыга албай,
Эшикте басып жүралбай.
Чалынып басат балдакка,
Чала өлтүргөн жыландай.

Отун алып токойдон,
Базарга сатып байыйм деп.
Жалпы элдин тийип каргышы,
Жалдырап карап айнектен,
Жатпагыла булардай.
Канаат кылып жөн жүргүн,
Тоо-токойду кыйнабай.

# ТОКОЙЛОРДУ МАЛ, ЭЧКИГЕ ЖЕГИЗБЕ

Токой деген тамак болот күнүгө,
Токой турат түркүк болуп үйүндө.
Токой берет таза аба чыгарып,
Шартты түзөт сенин жашоо күнүңө.
Суук кышта жылытып муздак үйүңдү,
Жардам берет жашап жаткан тирүүгө.

Токой өсот кургак, ысык тегизде,
Токой сүзөт кеме болуп деңизде.
Тирүү жанга жардам берген токойду,
Кыйып, кесип, кой-эчкиге жегизбе.
Күн ысыкта көлөкө болуп көктөсө,
Гүлү жайнайт күлгөн сыңдуу наристе.

Токой турат эшик болуп үйүңдө,
Токой турат сербант болуп төрүңдө.
Токой жөлөйт таяк болуп карыга,
Токой турат челек болуп аарыга.
Жаш көчөттү өрттөп кеспей сактайлы,
Жардам берет жалпы адамзат баарына.

Калың токой түн түшкөн,
Кем калбайт Кызыл-Үңкүрдөн.
Тоскоол-Ата, Алашты,
Жолборс-Ата, Шайданды,
Гөлмөн, Кара-Жылганы,
Айта берсе түгөнбөйт,
Олжобайдын дастаны.

Жаңгак, мисте бадамы,
Жемиш дарак каптаган.
Алма, өрүк, алмурут,
Жараткан төккөн байлыкты.
Жалал-Абад тоолорун,
Жемиштүү дарак каптаган.

Аралап бассаң токойду,
Ар кыл гүлдөр жайнаган.

Түнөк кылып токөйду,
Түрдүү куштар сайраган.
Аңкып урат жыттары,
Адамзат муну бааласаң.
Кудай берген байлыктын,
Кыйып кесип тепсесең,
Кадырына жетпесең,
Көз жумулуп сен отсоң,
Көрбөйсүң муну кайрадан.



## НЕФТИНИН КЕНИН КАЗГАНДАР

Кыргыздын кооз аймагы,
Айтайын эми башканы.
Жер бетинде тоо-токой,
Жер астында ар түркүн,
Кайнап жатат каймагы.

Жаратылыш байлыгын,
Алар да коргоп, сакташат.
Жер астын казган мезгилде,
Даракка залал тийгизбей,
План менен жер казат.
Нефтинин кенин казгандар,
Табиятты коргошот.
Токой чарба менен бирге иштеп,
Алардын ишин колдошот.

Кочкор-Ата шаарында,
Нефти, газ башкармасында,
Төрага болуп иштеген,
Жеңишбек деген бала бар.
Тоо-токой болот кезгени,
Элге: нефти, газ болот бергени.

Кочкор-Ата, Майлуу-Суу,
Тоолорун түртүп тегиздеп.
Бургулоолорду орнотуп,
Нефтиде иштеп такшалган.
Көрсөтүп иште үлгүсүн,
Кайраттуу чыкты жаштардан.

Шаарга түзүп келечек,
Жакшы эле элге иш берет.
Газдары күйөт үйлөрдө,
Кары-картаң сүйүнөт.
Ак ниет иштеп, өсө бер,
Жеңишбек уулум Жумашев.



* * *

Жеңишбек менен бирге иштейт,
Масиров иним Каныбек.
Экономист кесиби,
Өзү болот Шайдандан.
Окууну бүтүп келгенде,
Иши бургулоодон башталган.

Кочкор-Ата тоосунда,
Мисте токой ичинде.
Бел калган жок ашпаган,
Жер калган жок баспаган.
Трактор менен сүрдүрүп,
Качалканы орнотот.
Кара жердин астынан,
Кара майды сордурат.

Так иштеп, туура сөзүнөн,
Баш кессе да кайтпаган.
Жакшы иштөөгө жаштарды,
Насаат менен баштаган.
Ынтымак менен иш кылган,
Башчылар тегиз жакшы адам.

* * *

Анарбаев Өмөрали инибиз,
Ким экенин билиңиз.
Күрп-Сай ГЭС тарапта,
Сары-Камыш тоосунда,
Таш кулаган зоосунда,
Жаңгак, алма алчалуу,
Керемет жерде туулган.

"Кыргыз нефтигазынын",
Авто, трактор, машина,
Башкармасында иштеди.
Жөндөмдүү Өмөралинин,
Жүрүп кетти иштери.
Бирге иштеген күнү-түн,

Бардык эл менен табышты.
Жайдары, ачык мүнөзү,
Жалпы эл менен чыгышты.
Баалап ишин көпчүлүк,
Билимдүү бала экен деп,
Башкаруу жакка алышты.

Азыркы ишин сурасаң,
Башкарманын орун басары.
Эрте кетип жумуштан,
Тынч жатпайт эл катары.
Улуу, кичүү дебестен,
Арыз, муңун жакшы угат.
Тапшырган ишти өзү да,
Жүгүрүп жүрүп аткарат.
Жетекчилер ушундай,
Болсо аларды эл угат.

* * *

Кудай берген береке,
Кочкор-Ата адыр, тоосунда.
Мисте, бадам, алмасы,
Алмурут, чие, жүзүмү,
Түрдүү мөмө түгөнгүс,
Жүздөн ашык түрү бар.

Жаратылыш ичинде,
Мунай, газ, кара майы бар.
Колоттордун ичинде,
Буркулдап кайнап суу чыгат.
Ысык суу дары экен деп,
Шыпаа издеп эл чыгат.

Кочкор-Ата тоосунда,
Кара май, газы көп экен.
Күнү-түнү дебестен,
“Кыргызнефть” алып жатат.
Кыргыздан ашкан кара май,
Кытай элин да багат.

Кыргызстан боюнча,
Кочкор-Ата тоосундай,
Кирешелүү тоо барбы?
Жеңишбек менен Каныбек,
Өмөрали башкалар,
Жетекчилер чогулуп,
Жаңы техника алышып,
Жерди оңой каздырып,
Жалпы жумушчулардын,
Жеңилдеттиң иштерин.

Күн-түн иштеп кыйналбай,
Көбөйтүп нефти, газдарың.
Кечиктирбей ай сайын,
Бересиңер айлыгын.
Тамак-ашты сыйлык деп,
Кыласыңар жардамды.
Иштеген кары-жаштардын,
Эмгектерин баалайсың.
Эл ыраазы силерден,
Эс алуу жагын камдайсың.

Кочкор-Ата токой, тоосунда,
Жер-жемиштин түрү көп.
Козу карын чүкүрү,
Алча, чырыш, сымалак,
Кайнатпастан жөн эле,
Кытайлар терип жеп жатат.
Жылан, чаян, ташбака,
Эти даары болот деп,
Эпчил кытай иштетип,
Эшекти союп жеп жатат.
Кой дебесең кытайды,
Таш бака, жылан койбостон,
Тазалап койгон окшоду,
Кочкор-Атанын адырын.



## БАШКАРАТ АКИМ НООКЕНДИ

Эгемендик жылдары,
Бийликтин аты өзгөрдү.
Губернатор, аким деп,
Жетекчиге ат берди.
Эл-жерге кылып аталык,
Башкарат аким Ноокенди.

Эркиндик тийип колуна,
Акимди элдер шайлады.
Жыйырма жыл ашык башкарды,
Кыргызымдын балдары.

Ноокендин нарктуу эли бар,
Келгенге зыян кылбады.

Үч жыл болду районду,
Башкарат аким Осмонов.
Сакалды айыл өкмөттө,
Төрага болуп иштеген.
Элден чыккан такшалып,
Иши жок анын билбеген.

Ар кандай ушак-айыңды,
Кулакка такыр илбеген.
Иш билги, устат адамды,
Жакшылык жакка үндөгөн.
Карыя, жетим-жесирди,
Биргеликте колдогон.
Тарбия берип жаштарга,
Туура жолго жолдогон.

Айрыкча көңүл көп бурат,
Дыйканчылык жагына.
Жанында орун басарлар,
Колдоп турат дайыма.
Маани берет кобүнчө,
Мал чарбасы жагына.

Өткөн жылы жайында,
Серегe барды деп уктук.
Жерекчилерди ээрчитип,
Мал, кой баккан жайлоочудан,
Кабар алды деп уктук.
Тоо-токой, жаныбарлардын,
Абалын көрдү деп уктук.

Жайлоодо жүргөн эл-журттун,
Кубанганын айтпаңыз.
Слёт болду дагы деп,
Шаңданганын айтпаңыз.
Аким жакшы сөз сүйлөп,



Ыр, музыка жаңырып,
Күрөш, улак тартышты,
Көргөн элдин көңүлү,
Ачылганын айтпаңыз.

Абдыракман инимдин,
Элде жок ишти аткарып,
500 адам катышкан,
Саякат жасап Манаска,
Шаң кылганын айтайын.
Айыл өкмөт, шаар менен,
Ишкана жетекчилерди,
Ынтымакта башкарып,
Бүтүндөй кыргыз элине,
Даңктаганын айтайын.

Өткөн жылы элимде,
Тарыхый иштер көп болду.
Көчмөндөрдүн оюну,
Бүт дүйнөгө дүң болду.
Ага да бизден барышкан,
Абдыракман башкарып.
Ноокендин атын чыгарып,
Боз үйү турду кашкайып.



Жакшы иштин баарысы,
Жетекчиге байланат.
Ынтымак болсо биригип,
Тоодой ишти аткарат.
Эл-журт менен бир болуп,
Аким балам ар дайым,
Аша берсин мартабаң.

* * *

Акимди коштоп барышкан,
Айыл өкмөт башчылар.
Кочкор-Ата шаарынан,
Ишкана-мекеме башкарган,
Жетекчилер дагы бар.
Аска, зоону аралап,
Аларды тоого жеткирген,
"УАЗ", "НИВА" жаныбар.

Ноокендин жайлоо, төрлөрү,
Аска, зоо, тунук суулары.
Таш жарып чыккан гүлдөрү,
Даванга чыгып карасаң,
Керемет токой, көл баары.
Середен көрүп кызыкты,
Тарыхта калды бул дагы.

* * *

Ноокен элин тейлеген,
Милициянын башчысы,
Нариман барды Серөге.
Малчы, койчу, жылкычы,
Кайсы абалда жатканын,
Кантип малды бакканын,
Ууру, бөрү, ит куштан,
Кантип сактап жатканын,
Көрүп келди көз менен.

# ЭГЕМБЕРДИ КАЗЫ БАЯНЫ

Капчыгай тоонун түбүндө,
Жаңгак, алма, алмурут,
Долоно, мисте, алчалуу,
Түрдүү токой ичинде,
Канай деген бай болгон.
Көпчүлүк эл сыйлаган,
Кадырлуу март жан болгон.

Кудай берип перзентти,
Көп эле уул-кыздары.
Казал кылып алардын,
Бирөөсүн бүгүн айталы:
1880-жылдарда,
Байбиче уул төрөдү,
Эгем мага берди деп,
Эгемберди деп ат койду.

Ал мезгилде мектеп жок,
Сабатсыз кыргыз эл болгон.
Араб, орус тилдерин,
Билген адам кем болгон.
Канай аба Эгембердини,
Арапчага окуткан.

Эгемберди жашынан,
Атанын толгон сынына.
Сабак алып устаздан,
Куранды жаттап үйрөнүп,
Зээндүү болгон башынан.
Эс тартып бойго жеткенде,
Сөзүн таап сүйлөгөн.
Бирдей көрүп адамды,
Уруу-ууруга бөлбөгөн.
Уюштуруп эл-журтту,
Ынтымакка үндөгөн.

Аш, той маарекелерде,
Кары-жашты башкарган.
Биримдикте жүргүн деп,
Чачылган элди жыйнаган.
Көз артып элдин мүлкүнө,
Кыянаттык кылбаган.

Беш убак окуп намазды,
Бейдаарат такыр жүрбөгөн.
Жылмайып карап бирөөгө,
Каткырып такыр күлбөгөн.
Өзүнө тартып адамды,
Орчундуу сөзүн сүйлөгөн.

Кудай колдоп Эгембердини,
Казы болду жашында.
Жакшылык, жамандыктарда,
Тик турду элдин башында.
Бүтпөгөн ишти бүтүрүп,
Чечкен элдин астында.

Казы болуп эл-журтка,
Көп эле жыл иштеди.
Качып жүргөн ар жакта,
Кыргыздарды жыйнады.
Жетим менен жесирди.
Жардам берип сыйлады.

Эгемберди казыдан,
Жети уул, төрт кыз калды.
Кыздарын берип турмушка,
Уулдарын үйлөп жайлады.
Үйлүү-жайлуу болбогон,
Уул-кыздары калбады.
Абдыкайым чоң уулу,
Барып келди ажыга.
Куран, Хадис көп окуйт,
Кабары бар баарынан.

Кочкор-Ата эли унутпайт,
Эгембердиев Маматкайымды.
УТТну башкарып,
Инженер болуп тынбастан,
Кырк жыл ашык иштеди.

Кызматы сиңип элине,
Кылган иши дайындуу.
Көпчүлүк баалап эмгегин,
Көчөгө аты коюлду.
Улантып жатат иштерин,
Артынан калган уулдары.

Майлуу-Суудан келишкен,
Колхоз, совхоз маалында.
Өзбекстанга кошуна,
Избаскендин жанына.
Ат олдү деген жерине,
Бак-даракты эгишкен.
Аксакал болуп элине.
Кызмат кылып келишкен.

Кары-жаштын бардыгы,
Казы аба деп сыйлаган.
Жайдары ачык киши эле,
Жамандык элге кылбаган.
Миң тогуз жүз,
жетимиш алтынчы жылында,
Токсон жаштан өткөндө,
Казы аба өттү дүйнөдөн.

Атанын наамын чыгарды,
Артында калган балдары.
Адал жүрүп туура иштеп,
Эл-журтка тийди жардамы.
Кочкор-Ата шаарынын,
Мэри Эгембердиев Кубаныч,
Казы абага небере.

Шаардын көркүн чыгарып,
Шарт түзүп берди элине.
Күндөн-күнгө өзгөрүш,
Көрүп кой Кочкор-Атаны.
Көңүлүм ачып сейилдеп,
Көрүп чыктым атайы.

Көчөдө басып таптаза,
Кубанат кары-жаштары.
Кубанычбектен мурдагы,
Канча мэрлер иштеди.
Күнүмдүккө кызыгып,
Кылбады го буларды.



Айлантып Кочкор-Атаны,
Асфальт болду жолдору.
Буйрук берип тик туруп,
Бузук жерин оңдоду.
Курт жеген эски даракты,
Кыйдырып баарын койбоду.

Жээктерине жолдордун,
Жаңы көчөт эгилди.
Көп жылдык гүлдөрдүн,
Уруктары себилди.

Жетелеп уул-кыздарын,
Жаштар жүрөт сейилдеп.
Баарыбызга тазалык,
Аба, суудай керек деп.
Асфальт жолдун чекесин,
Арык кылган цементтеп.
Көркүн ачып көчөнүн,
Көк арча эккен иреттеп.

Мэр олтурган контордун,
Подвалында илгери,
Кагаздарды төшөнүп,
Бөтөлкөсүн кучактап,
Аял, эркек аралаш,
Алкаштар жаткан жөтөлүп.
Ремонт болуп жасалган,
Азыр көрсөм тап-таза.
Мейманкана, ашкана,
Орундуктар коюлган.
Бүгүн көргөн шаарды,
Эртеси көрсөң башкача.

Жаштарга түзүп шарттарды,
Кочкор-Ата шаарына.
Курдуң спорт залдарын,
Жабдыктарын таап берип.
Жалпы баарын камдадың,
Жамы журтту кубантып.

Майып балдар окуган,
Мектеп интернаты бар.
Ар кандай ишке керек деп,
Өз жаныман белек деп.
Балдарга кызмат кылсын деп,

Машина бердиң мектепке.
Ар жерге берген жардам көп,
Айта берсең бир баштан.
Кубанычбектин иштери,
Түгөнгүс бир чоң дастан.

Торгой сайрап учканда,
Таң агарып сүргөндө.
Ак халатчан кыз-келин,
Жолдорду жүрөт тазалап.
Баарын бирге жүктөшүп,
Таштанды жерге алып барат.
Күн чыкпай көчө таптаза,
Көргөн адам таң калат.

Бала бакча, мектептин,
Тегерегин тостуруп.
Түк чирибес бышыктап,
Темирден кылдың коргонун.
Эски дубал тосмону,
Кулатып баарын койбодуң.
Кылган ишиң дайындуу,
Көрүндүң элдин баарына.

Эки жыл мындай иштесең,
Кочкор-Ата шаарынын,
Көчөлөрүн оңдотуп,
Калың токой бак кылып,
Жашыл аалам жаратып,
Көркөмүнө чыгарып,
Кыласың Щвейцария.

Туура иштеп дайыма,
Таанылдың элдин баарына.
Жардамды дайым кыласың,
Жетим-жесир, карыга.
Жалпы элге кылып кызматты,
Иштей бергин дайыма.
Эгембердиев Кубаныч,
Элиңдин болуп ардагы.



# АДАМБЕККЕ КААЛАРЫМ

Калың токой тоо болот,
Кара-Кулжа району.
Капчыгай токой ичинде,
Кеңеш деген айылда,
Миң тогуз жүз
алтымыш жетинчи жылында,
Түркбаев Адамбек төрөлгөн.

Ата-эне тилеп бактысын,
Алла деп жүргөн дайыма.
Эл үчүн туура иштеген,
Адам болоор бекен деп,
Жакшылардан бата алып,
Атың койду Адамбек.

Отуз жаш өтүп калганда,
Эс тарткан жигит куракта.
Дөң-Булак айыл өкмөттө,
Төрага болуп шайланды.
Отуруп калган Дөң-Булак,
Адамбек ишке барганда.

Дөң-Булак айыл өкмөттө,
Адамбек он жылдай иштеди.
Алла берип береке,
Алдыга кетти иштери.
Эмгегин баалап жакшылар,
Ортого түшүп башчылар.
Областка керек кадр деп,
Ошко алып кетишти.
Аракет кылып Адамбек,
Аткарып жатат көп ишти.

Адамбек бактылуу үй-бүлө,
Төрт уул, эки кызы бар.

Ата-энеге эрмек деп,
Алла берген буларды.
Чоң уулу Элчибек,
Экинчиси Азизбек,
Үчүнчүсү Гүлбү кыз.
Төртүнчүсү Даткабек.
Ырыскелди бешинчи,
Уул-кыздардын кенжеси,
Алтынчысы Нуркелди.

Иштен барса чаалыгып,,
Алдынан тосуп чуркурап,
Балдары жазат кумарды.
Алла берип өмүрүн,
Өссүн уул-кыздарың.

Келин алып, кыз берип,
Турмуштун көргүн жыргалын.
Адамбек менен Анаркан,
Силерге ушул кааларым.
Уул-кыздын көрүп убайын,
Кылымдап жаша балдарым.

## СОВЕТБЕКТИН ЭМГЕГИ

Жалал-Абад областы боюнча,
Токойдун тандап сортторун.
Кыйыштырып көбөйтөт,
Кенжебаев Советбек.
Жаңгак, алмурут, алманын,
Бадам, өрүк, мистенин,
Жаңылап түрдүү сортторун,
Кандидаттык жактады.
Асылдуу болуп токойлор,
Ишке ашты тилек-максаты.

Кенжебаев Советбек,
Туулуп өскөн Аксыда.
Күчтүү, алдуу убагы,
Аткараар иши алдыда.
Эки кыз, бир уулу бар,
Балдар анын бакты да.

Аракет кылып көп иштейт,
Аткарылып талабы.
Көбөйүп токой түрлөрү,
Өлкөгө тегиз тарады.
Жаңылап токой сортторун,
Лабораториянын башчысы.

Токой чарба боюнча,
Институтту бүтүргөн.
Берилип сүйгөн ишине,
Далай ишти бүтүргөн.
Советбек иним иштей бер,
Токойду сактап дүңүнөн.

## ӨМҮРЗАК КЫРК ЖЫЛ ИШТЕДИ

Тоскоол-Ата токой чарбада,
Кырк жыл ашык иштеди.
Токойчулук кесиби,
Таштемиров Өмүрзак.
Таза абада жашайт да,
Ден-соолукка өтө сак.

Токой чарба институтту,
Алгачкылардан бүтүргөн.
Өнүктүрүп мисте, жаңгакты,
Өз ишине күйүнгөн.
Коруп түрдүү токойду,
Күнү-түнү жүгүргөн.

Алла берип өмүрдү,
Алтымыш ашкан курагы.
Абасы таза токойдун,
Арасында турагы.
Эки уул, эки кызы бар,
Келин алып уулдарга,
Кыздарын турмушка чыгарды.

Эс алууда азыр ал,
Уул-кыздан көрүп убайды.
Беш убак окуйт намазды,
Өмүрүн тилеп булардын.
Байбиче экөө уул-кыздын,
Көрүп жатат сыйларын.

## ОРОЗБЕК

1959-жылында,
Жалал-Абад областында.
Ноокен районуна караштуу,
Коминтерн айлында,
Ата-эне тилеп Кудайдан,
Энеси уул төрөгөн.
Оңолуп заман калсын деп,
Атын койду Орозбек.

Саар туруп дайыма,
Мектепке барат кечикпей.
Жакшы окуган сабакты,
Жаман бала дегизбей.
Кийимдери тап-таза,
Бир жерге кир тийгизбей.

Нурунбетов Орозбек,
Он жыл окуп мектепте.
Алдыңкы балдар катары,
Онду бүттү айылдан.
Институтка тапшырып,
Инженер кен казуу кесиби.
Беш жыл окуп кыйналып,
Москвадан бүтүргөн.

Институтту аяктап,
Орозбек келди айылга.
Бир иш мага береби?- деп,
Барды Кочкор-Атага.
Кабыл алды башчысы,
Бургулоо жумуш ишине.
Сексен биринчи жылдары,
Жумушчу болуп баштады.
Кызыгып калган ишине,
Кайраттуу чыкты жаштардан.

Кичи пейил бала деп,
Көпчүлүк ишин баалаган.
Көтөрүлүп жыл сайын,
Азыр ушул мезгилде,
КУБРдун болду башчысы.
Казган жерден кен чыгып,
Ачылып калды бактысы.

Бир орундан жылбастан,
Отуз үч жыл иштеди.
Орозбек жүрөт бир мүнөз,
Кичи пейил сылык сөз.
Көпчүлүк иштеп жатканда,
Карап турбай киришет.
Кары, жашы дебестен,
КУБРдун жумушчулары,
Бардыгы туура деп жүрөт.

Орозбек үй-бүлөлүү,
Бир уул, үч кызы бар.
Ата-энесин сыйлаган,
Айдай жарык жүзү бар.
Окуп билим алууда,
Азырынча жаш булар.

## ВЫШКАЛАРДЫН УСТАСЫ

КУБРда көп жыл иштеген,
Купахунов Тайир бар.
Кесиби нефти инженер,
Сөз кылсаң арзыйт билсеңер.
Эрте туруп кеч жатат,
Өз ишине күйүмдүү.

Кыргыздын токой, тоолорун,
Кыдырып жүрөт күнү-түн.
Кара май чыгып калат деп,
Кудайдан тилейт үмүтүн.
Вышкаларды тургузуп,
Буровойду ишке киргизип.
Жер казган бурилщиктерге,
Өткөзүп берет дайыма.
Бекем турат ишине,
Техниканын устасы.

Берген Алла перзентти,
Бир уул, үч кызы бар.
Тосуп чыккан алдынан,
Тогуз ашык небере.
Кулак салат сүйүнүп,
Кубанат айткан кебине.

Адал иштейт күнү-түн,
Арамдык жок оюнда.
Аялы экөө ээрчишип,
Ажыга барып келишкен.
Беш убак окуп намазды,
Алланын жүрөт жолунда.

Буровойду тургузуп,
Бир айлап жүрөт талаада.
Алла нефти бергин деп,
Ар дайым жүрөт санаада.
Атабыз аман келет деп,
Жол карашат балдар да.

# ГӨЛМӨНДӨ ИШТЕЙТ ЖАНЫБЕК

Гөлмөн токой башчысы,
Калмуратов Жаныбек.
Элүүдөн ашкан курагы,
Эрикпей иштээр убагы.
Тийгизбейт бадам, мистеге,
Токойдун бар деп убалы.

Күз, эрте жаз болгондо,
Эктирет мисте, бадамды.
Жеп коёт деп көчөттү,
Жолотпойт мал, кой айбанды.
Токойчу болуп Гөлмөнгө,
Он беш жылдай иштеди.
Ат минип токой аралайт,
Адырда турат издери.
Көңүлүн ачып токойдун,
Гүлдөрүн жыттап искеди.

Гөлмөн токой бөлүмдө,
Калың мисте, бадамга,
Жүрө албайсың аралап.
Жол бербейт шактар адамга,
Калыңдыгы өтө жыш,
Карай албайсың асманга.

Түрдүү чөп өсүп гүлдөгөн,
Постко келет жыттары.
Колоттордо көп чыгат,
Козу карын, чүкүрү.
Витамини көп дешип,
Адамдар жейт ушуну.

Адамдар терип күн-түнү,
Алпарып сатат базарга.
Кыргыздын тоосу өтө бай,
Ар түрдүү жемиш, бадамга.

Айрыкча жаз күндөрү,
Адыр жайнайт гүлдөргө.
Жыты урат адамга,
Айланып колот бейишке.
Жүргөндөй жанда перипте,
Жаныбек түшпөйт кейишке.



## БЕЛЕКОВ МЕНИН АГАЙЫМ

Тоолуу Нарын өрөөндүн,
Кочкор районуна караштуу,
Кум-Дөбө деген айылдан,
Ишке келген бир агай.
Кырк бешинчи жылында,
Кызыган согуш маалында,
Айылга болуп мугалим,
Билим берип жакшыраак,
Биринчи класста окуткан.

Эң биринчи агайым,
Эч качан чыкпайт эсимен.
Карып калган чагында,
Ноокенден кеткен Нарынга.
Бирге жүрүп чоңойдук,
Уулу Кеңеш калды айылда.

Берген Кудай перзентти,
Беш уул, эки кызы бар.
Манас менен Мелиси,
Эрмек жана Бакыты,
Эң кенжеси Рысбек,
Ата-эненин эркеси.

Берип койгон турмушка,
Бактылуу эки кызы бар.
Ата-энесин ардактап,
Сыйлап келген уул-кыздар.
Атасы өттү дүйнөдөн,
Эстеп жүрчү ушулар.

Аяш уул-кыздарым,
Ынтымак болуп дайыма.
Уул-кызга болуп ата-эне,
Узун өмүр сүргүлө.
Кыргыз элине кылып кызматты,
Кылымдап жашап жүргүлө.

# АРГЕН КАДЫРАЛИЕВКЕ

Кочкор-Атага жакалаш,
Момбеков деген айыл бар.
Шааргa жакын айылда,
Арген Кадыралиев туулган.
Алла уул берди деп,
Ата-эне абдан сүйүнгөн.

Баш кошуп тааныш кызына,
Былтыркы жылы үйлөндү.
Кудай берип перзентти,
Бактылуу бир кыз көрдү.
Арген менен келинди,
Кубанычка бөлөдү.

Институтту бүтүргөн,
Арген өзү мугалим.
Тарбия берип мектепке,
Таалим берген жаштарга.
Компьютерде көп иштейт,
Кызыгат техника жактарга.

# МЕНИН ӨМҮР БАЯНЫМ

Мен – Жээнтаев Алибек,
Туулупмун энемден.
Миң тогуз жүз
отуз сегизинчи жылында.
Жээнтай атам ал чакта,
Жетимиштин кырында.
Башталган согуш маалында,
Баш аламан чагында.
Сабатсыз болгон бардык эл,
Себеби болгон анын да.

Туура сөзүм угуп кой,
Тууган-урук баарыңар.
Турмуштун тарттым азабын,
Түрдүү иш өттү башыман.
Карылык куудай агартты,
Калган жок кара чачымдан.
Кайда кетти жаштыгым,
Кайгырып жаман ачынам.

Аздырды жап-жаш өңүмөн,
Айныдым айтаар сөзүмөн.
Жетимиш жаштан мен өтүп,
Алыстап калдым көбүнөн.
Кемпирим тилдейт кээ күнү,
Кимге да жагам эми мен.

Атам менин Жээнтай,
Төрөлгөн экен Таласта.
Түн түшкөн токой ичинде,
Шар аккан суунун боюнда.
Чоң энем аты Токтоян,
Жээн болду деп Таласка,
Атын Жээнтай коюптур.

Кызым уулдуу болду деп,
Таятам көп сүйүнүп,

Башына улак кагыптыр.
Тогуз жашка толгуча,
Токтоян энем атамды,
Таласта жүрүп багыптыр.
Чоң энем Токтоян,
Раматилла чоң атамдын,
Он биринчи аялы.
Токсон ашкан чагында,
Раматилла чоң-атам,
Ноокенде өлүп кетиптир.

Он жашка атам чыкканда,
Туугандарын чакырып,
"Алгыла" деп баланы,
Атамды кайра бериптир.
Абалары ээрчитип,
Ноокенге алып кетиптир.

Тааныштырып эл менен,
Жер, малын колго тапшырып,
Керимбай деген агасы,
Кыргыз үй тигип жанына,
Он бешке атам толгондо,
Атамды үйлөп коюптур.

Ата-энеси коюшкан,
Апамын аты Мырзакан.
Алла билип турбайбы,
Атайын айтып жазбасам.
Таэнем аты Уулбай,
Таятам аты Ысмайыл.
Түнү-күнү уктабай,
Кудайдан тилеп жакшылык,
Зикир чалып чыкчы экен.

Кары-жаштын бардыгы,
Кулак салып укчу экен.
Апам Ысмайыл кызы Мырзакан,
Атам Жээнтайдын,

Алтынчы аялы.
Төрт кыз, үч уул,
Төрөптүр жети баланы.

Атам өттү дүйнөдөн,
Жетимиш сегиз жашында.
Апам жесир калыптыр,
Жыйырма алтыга чыкканда.
Кырк бешинчи жылында,
Кыргын согуш маалында.
Апам калган азапта,
Алты бала жанында.
Алла жардам бербесе,
Ачка өлмөк талаада.
Атамын чоң аялы,
Аты анын Токто экен.
Атам алган маалында,
Алтымыш ашкан жашта экен.

Рүстөм, Төрөкул, Жакшыбай,
Үч уулу бар экен.
Жардам берип бизге да,
Жакын эле турчу экен.
Кырк биринчи жылында,
Кызыган согуш маалында.
Армияга чакырган,
Рүстөм чоң аганы,
Он сегизге толгон чагында.

Кырк үчүнчү жылында,
Немистин тийип октору,
Сталинграддын жанында,
Кан майданда калыптыр.
Токто энемдин жанында,
Төрөкул менен Жакшыбай.
Мырзакан апамдын жанында,
Үч кыз, эки уул калдык.
Мал, койду талап ач көздөр,
Ээн токойдо кур калдык.

Кыйбат, Саблат, Ырыс эжемден,
Жыйырма ашык жээндерим.
Жараткан Алла сакта деп,
Жашоо наркы жакта деп,
Эки барган ажыга.
Жаныбектей агам бар.

Алла берген мага деп,
Он баланын энеси,
Беш убак намаз окуган.
Азипадай жеңем бар.
Төрт уулу бар ыймандуу,
Куранды билген карылар.

Жаратканга айтам шүгүр,
Уул-кызым биригип,
Менин жети балам бар.
Байбичем аты Минабар,

Жетимиш жашка тырмышып,
Барып калды итабар.
Карыса да кажынып,
Чуркап жүрөт көчөдө,
Жаштар менен барабар.

Жашаган жерим Ноокенде,
Бирке деген айылда.
Сексенге жашым барса да,
Кетмен чаап, чалгы оруп,
Иштеп жүрөм дайыма.
Уруулардан кутчумун,
Төрөлгөн атам Таласта.

Атагы кеткен дүйнөгө,
Жазуучусу кыргыздын,
Жашырып айтпай жүргөнмүн,
Жээни болом Чыңгыздын.
Өнүп-өстүм Ноокенде,
Өзүм таза кыргызмын.

Жай-кышы иштеп колхоздо,
Маңдайымды тердетип.
Баалап өкмөт ишимди,
Орденин алдым эмгектин.
Алла берип өмүрдү,
Артта калды жетимиш,
Сексенге келдим тырмышып.

Жыйырма жылдай болуптур,
Жайы-кышы келбестен,
Тоолуу токой ичинде,
Жашаймын Кара-Жылгада.
Жетимиш жыл бул тоодо,
Жашаптыр атам мурда да.

Ата конуш сага деп,
Атадан калган бала деп.
Тартуу кылып энчилеп,
Туугандар берди короону.
Турмушта болгон нерсени,
Туура айтпасам болобу.
Адамзат өтөт дүйнөдөн,
Алланын болуп коногу.

Түн-күнү тынбайт адамзат,
Түйшүгүн тартып турмуштун.
Түтүнүн коюу булатып,
Тоодо жашайт кыргызым.
Мистелүү тоодо мен жашайм,
Бээнин ичип кымызын.

Жумшасам алат тилимди,
Жакшы чыкты уул-кызым.
Кыргыз үйдүн ичинде,
Кымыз ичип мен жашайм.
Дөөлөт берген Кудайым,
Тынч алып кээде ыр жазам.

Неберелерди ойнотуп,
Ыйлаганын сооротуп.
Баштап бала-чаканы,
Балдарга тиет жардамым.
Азыр бардым сексенге,
Алдымда канча өмүр бар?
Алла билет калганын.
Уксаң кыргыз туугандар,
Ушул өмүр баяным.

# МАЗМУНУ

Кириш сөз....................................................3

Күнөстүү жерим Кыргызстан,

тоосуна токой жарашкан...............................4

Кара-Шоро жайлоосу...................................7

Көрктүү токой Көк-Жаңгак.........................9

Кара-Алма токой чарбасы...........................12

Аюб пайгамбар.............................................13

Жаңгактан тунел жаралган........................16

Дөөт пайгамбар............................................17

Кызыл-Үңкүр бейиш жер.............................19

Арстанбап – кол менен

жасап койгондой...........................................20

Жаңгактын кени дашманда..........................23

Тоскоол-Ата байлыгы...................................24

Жорголот Кара-Жылгада..............................27

Жолборс-Ата..................................................30

Кочкор-Ата тарыхы.......................................32

Сереге барат мал, койлор..............................38

Кыз-Коргондун мааниси................................42

Көрктүү жайлоо Кара-Көл.............................43

Көлкупан-Ата ыйык жер.................................46

Кара-Көлдүн ГЭСтери....................................47

Айтайын Сары-Челекти..................................49

Аңгирек-Ата..........................................................53
Падыша-Ата тоолору..............................................54
Көрүп келгин Чаткалды.........................................59
Чычкан менен Ала-Бел..........................................62
Аркыт, Афлатун......................................................64
Ошту айтып мактайын............................................66
Даамдуу өрүк Баткенде..........................................68
Токой кыйгандар
тозок отуна күйөт...................................................71
Аңчылар такыр тойбодуң........................................78
Токойлорду мал,
эчкиге жегизбе.......................................................80
Нефтинин кенин казгандар....................................82
Башкарат аким Ноокенди.......................................87
Эгемберди кызы баяны..........................................92
Адамбекке каaларым...............................................99
Советбектин эмгеги...............................................101
Өмүрзак кырк жыл иштеди...................................102
Орозбек................................................................103
Вышкалардын устаты............................................105
Гөлмөндө иштейт Жаныбек....................................106
Белеков менин агайым..........................................108
Арген Кадыралиевке.............................................109
Менин өмүр баяным...............................................110

Алибек ЖЭЭНТАЕВ

# Тоо-токойлуу Кыргызстан

*Кыргыз тилинде*

Редактору: Б. Райимбекова,
Дизайнери: М. Абдукеримов.

Басууга берилди 05.03.2015. Кагаздын формат 108:210.
Көлөмү 7,5 басма табак. Буйрутма 10.03.2015. Нускасы 600 даана.

Басмакананын дареги:
Жалал-Абад шаары, Токтогул к., 20-3



## МЕН КИММИН

Мен Жээнтаев Алибек ажы,
Жашым да сексенге барып калды.
Кудайым акыл, талант берип койгон,
Колуман түшүре албай ручкамды.
Эгемден тилөп энекем төрөп койгон,
Элимде көбөйсүн деп адам саны.
Жараткан ден соолук, өмүр берсе,
Жакшылар жардам кылып колдоп турса.
Жаш-карынын кызматын даңазалап,
Жазамын кеп китепке Кудай буйруса.
Тарыхта аты-жөнүм калсын десең,
Таяп-жөлө жазуучу, акындарды.
Туулган тирүү калбайт жер бетине,
Жашоо деген убактылуу күн турбайбы.
Көз жумулуп дүйнөдөн өтүп кетсең,
Китептен окуп жүрөр уул-кыздары.
Конокпуз бул дүйнөгө бир кечеге,
Кудайды эстеп, туура жүрүп иш кылалы.